"БЕКИТЕМИН"

Ош МУнун илимий иштер жана

инновациялар боюнча проректору, ф.м.и.к.,

доцент Арапбаев Р. Н. _______________

18. 09. 2024 ж.

**Илимий изилдөөлөрдү, илимий техникалык иштерди, (же) илимий жана (же) илимий- техникалык иштин натыйжаларын ишке ашыруу**

**АКТЫСЫ**

1. Ишке ашыруунун автору: **Ниязова Жыпар Дуйшоевна.**
2. Илимий изилдөөлөрдүн, илимий техникалык иштердин (же) илимий жана (же) илимий-техникалык иштердин аталышы: **Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү.**
3. **Илимий иштин кыскача аннотациясы:** Медицина багытындагы студенттердин англис тилинде кесиптик байланыш кебин өстүрүү боюнча сапаттуу билим берүүнү кандай формада аткаруу маанилүү экениндиги жөнүндө сөз болот. Мында азыркы учурда окуу процессинде пайдаланылып жаткан окутуу методикалары окутууну сапаттуу ишке ашыра алабы деген зарылдыгы байланыштырылып каралат. Буга ылайык "Англис тили" предметинен медик студенттер үчүн кесипке багытталган жумушчу программалар, силлабустар менен окуу-методикалык комплекстери иштелип чыкты. Бул ОМКларды колдонуу окутуучулар менен студенттерге кесиптик байланыш кебин өздөштүрүүгө жана билим сапатын жогорулатууга чоң өбөлгө болот.
4. **Ишке ашыруунун эффектиси:** Студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү боюнча **кырдаалдык-тематикалык сүйлөшмө** иштелип чыкты. Ага кошумча эксперименттин жүрүшүндө **кесипке таандык түшүнүктөр** жана **терминдерди окуу, жазуу, түшүнүү, жаттоо**, ошондой эле окутуунун ык-усулдарын тандоо жумуштарына да терең маани берилди.

- **Окутуучулар жана студенттер үчүн колдонмолор:** Медик студенттер үчүн "English for medical students". Окуу-методикалык колдонмо (кырг.анг.орус тилд.) Ниязова Ж.Д., Мукамбетова А.С., Нуракова Ж.Ш. – Ош: 2024.– 163 б.; Англис тили предметинен медик студенттер үчүн "Медициналык

тематикалык кыргызча-англисче-орусча сөздүк, сөз айкаштары жана сүйлөшмө". Окуу-методикалык колдонмо (кырг.анг.орус тилд.) Ниязова Ж.Д., Мукамбетова А.С., Нуракова Ж.Ш. – Ош: 2024 – 103 б. Натыйжаларга жетүү үчүн: силлабустарга (окуу программасына) кептик байланышты тереңдетүүчү тексттер кошулду; окутуунун интерактивдүү технологиялары пайдаланылды; ар бир сабакта лексикалык минимумдар аныкталып турду жана сабактарда ийгиликтүү колдонулууда.

5. **Ишке ашыруунун орду жана убактысы:** Эксперимент Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетиндеги ЛК "дарылоо иши" адистигинин 1-курстарына жүргүзүлүдү. Анда англис тили предмети боюнча ОМК (жумшчу программа, силлабус, сабактын иштелмелери, модулдук жана экзамендик тесттер) түзүлүп, практикага киргизилди.
6. **Ишке ашыруунун формасы:** Англис тили предметинен медицина багытындагы студенттер үчүн **English for medical students** ( авторлор: Ж.Д.Ниязова, А. С. Мукамбетова, Ж.Ш. Нуракова, Ж.Т.Бекматова окуу-усулдук колдонмо), **Медициналык тематикалык кыргызча-англисче-орусча сөздук, сөз айкаштары жана сүйлөшмө** (авторлор: Ж.Д.Ниязова, А. С. Мукамбетова, Ж.Ш. Нуракова, Ж.Т. Бекматова) окутуучулар жана студенттер үчүн сүйлөшмө-сөздүк түзүлүп, апробациядан өттү, талданды, эксперименттин жыйынтыктары чыгарылды, окутуучулар менен семинарлар өткөрүлдү, практикага киргизилди.

Комиссия Ниязова Жыпар Дуйшоевнанын диссертациялык изилдөөсүндө илимий жактан негизделген медициналык окуу жайлардагы практикага кирген окуу нормативдик документтер жана түзүлгөн ОМК медик студенттерге англис тилин окутууда натыйжалуу колдонулуп жаткандыгын белгилейт.

**Комиссиянын төрагасы:**

**Ош МУнун медицина факультетинин**

**деканы, м.и.д., профессор** **Ыдырысов И.Т.**

Комиссия мүчөлөрү: Көчкөнбаева С.

Токтосунова З.